# № 2-Баткен округдук шайлоо комиссиясынын

# Ч Е Ч И М И №8

**Баткен шаары** **2024-жылдын 30-апрели**

**Катышты:**
Айтбаев Бахабидин Ташполотович
Жоробаева Сайдагул Манасовна
Жапарова Мээринса Абытовна
Саттарова Гулбара
Гапаров Марат Мамазаитович
Камбаров Акынбек Осконович
Маркаев Манас Аззамович
Оболова Мария Гайыповна
Орозалиев Кенжебай
Эркебаев Осмон Мажитович
Гапарова Дилбархан Бекбутаевна
Жороева Чынар
Маккамбаев Мунарбек
Адилов Анарбек Ташполотович

**Себептуу катышпаганы:**
Омурзаков Тилек

**1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо күнү талапкер М.Г.Ойтемировдун элди добуш берүүгө үндөгөн мөөнөттүн учурунда дасторкон жайып, элге тамак-аш берип үгүт иштерин жүргүзгөндүгү жөнүндө Баткен шаарынын тургуну Муктар уулу Амирбектин арызы боюнча Баткен РИИБдин башчысынын сотко чейинки өндүрүш боюнча милициянын подполковниги А.Джумабаевдин 2024-жылдын 28-апрелиндеги чыгыш № 34-1-/1258 сандуу маалыматы жөнүндө.**

Каралуучу маселе боюнча Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Айтбаев Бахабидин төмөнкүлөргө токтолуп өттү.

2024-жылдын 28-апрелинде Баткен шаарынын тургуну Муктар уулу Амирбек Кыргыз Республикасынын борбордук шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылып, анда ал Кыргыз Республикасынын Баткен бир мандаттуу №2 шайлоо округу боюнча депутаттын мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүүгө байланыштуу №4 талапкер Ойтемиров Махмуд Гиесович элди добуш берүүгө үндөгөн, дастаркон жайып, элге тамак-аш берип үгүт иштерин жүргүзгөндүгүн, ошондой эле элдин алдында тамак берген учурда өзүнүн программасы менен тааныштырып, добуш алууга элди үндөп жаткандыгын билдирген.

Аталган маалымат 28.04.2024-жылы Баткен ОИИБдин кылмыштардын бирдиктүү реестри автоматташтырылган маалымат системасынын маалыматтардын электрондук журналына №02-086-2024-000066 саны менен катталып текшерүү иштери башталган.

Тергөө кызматы тарабынан алдын ала тергөө аракеттери жүргүзүлүп, текшерүүнүн жыйынтыгы менен окуяда кылмыштын курамы болбогондуктан 2024-жылдын 28-апрелинде Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө негиздүү чечим кабыл алынгандыгын билдирген.

Жогорудагыларды белгилеп Баткен округдук шайлоо комиссиясынын отуруму

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Баткен РИИБдин башчысынын сотко чейинки өндүрүш боюнча милициянын подполковниги А.Джумабаевдин 2024-жылдын 28-апрелиндеги чыгыш № 34-1-/1258 сандуу маалыматы эске алынсын.
2. Текшерүүнүн жыйынтыгында кылмыштын курамы болбогондуктан жана кылмыш ишин козгоодон баш тартылгандыктан арызданууч Муктар уулу Амирбектин арызы канааттандырылбасын.
3. Ушул чечимди бекитип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.

МАКУЛ - 14, КАРШЫ - __0__, КАЛЫС - __0__,

ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ №2 ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

**Баткен округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Б.Айтбаев**

**Баткен округдук шайлоо комиссиясынын катчысы:** **С.Жоробаева**